МЕДИА ПОЛИСИ
ИНСТИТУТУНУН
БИБЛИОТЕКАСЫ

# ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ ЖАНА СӨЗ ЭРКИНДИГИ

## (Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдарга сунуштар)

Бишкек - 2016

МЕДИА ПОЛИСИ
ИНСТИТУТУНУН
БИБЛИОТЕКАСЫ

Activity supported by the
Canada Fund for Local Initiatives
Activité réalisée avec l'appui du
Fonds canadien d'initiatives locales
Canada

# «МЕДИА ПОЛИСИ ИНСТИТУТУ»
# КООМДУК ФОНДУ

# ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ
# ЖАНА СӨЗ ЭРКИНДИГИ
## (Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдарга сунуштар)

Бишкек – 2016

# ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ ЖАНА СӨЗ ЭРКИНДИГИ
## (Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдарга сунуштар)

**«Институт Медиа Полиси» коомдук фонду,** - Б.: 2016 - 28 стр.
Кыргыз тилинде.

Бул колдонмого экстремисттик ишке каршы күрөшүү жөнүндө улуттук мыйзам актыларын оптималдаштыруу алкагында экстремизм менен күрөшүү боюнча мамлекеттик органдар үчүн сунуштар киргизилген. Сунуштар «Институт Медиа Полиси» коомдук фонду тарабынан «Сөз эркиндиги жана экстремизм менен күрөшүү. Берилген уруксат чектери» аттуу темада өткөрүлгөн семинарлардын жыйынтыгы боюнча иштелип чыкты.

Семинарлар төмөнкүдөй мамлекеттик органдардын катышуусунда уюштурулган: КР Президентинин Аппаратынын маалыматтар саясаты бөлүмү, КР Башкы прокуратурасы, КР областтык жана райондук прокуратуралары, КР Куралдуу күчтөрүнүн Башкы штабы, КР УКМК, КР ИИМдин 10-башкармалыгы, КР Юстиция министрлиги, КР Президентине караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, КР Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматы, КР Мамлекеттик чек ара кызматы, КР Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы, КР Баңги заттарды контролдоо боюнча мамлекеттик кызматы, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги, КР Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана этностор аралык мамилелер мамлекеттик агенттиги, КР Юстиция министрлигинин алдындагы Соттук экспертизалар мамлекеттик борбору.

Ошондой эле колдонмого 2014-жылдын 17-мартындагы «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» КР Мыйзамы, КР соттук экспертке компетенттүүлүк сертификатын берүүнүн тартиби жана шарттары, берүүдөн баш тартуу, аракетин токтотуу жана сертификатын алып салуу жөнүндө бекитилген Жобо, КР Соттук эксперттердин мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартиби жана КР Соттук-эксперттик иликтөөлөрдүн методикасынын мамлекеттик ресстрин жүргүзүүнүн тартиби киргизилген. Ченемдик документтер 2016-жылдын февраль айындагы абалына карата камтылган.

Колуңуздардагы колдонмо «ММК эркиндиги жана экстремизм менен күрөшүү» долбоорунун алкагында Жергиликтүү Демилгелер Канада Фондунун (CFLI) каржылык колдоосу менен иштелип чыкты. Материалдар CFLIдин расмий көз карашын чагылдырбайт.

**© Алишева Н.И., 2016**
**© Алагушев А.К., 2016**
**© Усенова Б.Д., 2016**
**© ОФ Институт Медиа Полиси, 2016**

**БИШКЕК – 2016**

## БАШ СӨЗ ОРДУНА

Акыркы жылдары Кыргызстанда терроризм жана экстремизм менен күрөшүү темасы улуттук коопсуздукту камсыздоо чөйрөсүндө орчундуу милдеттердин бири болуп калды. Согуш жүрүп жаткан аймактарда мыйзамсыз куралдуу түзүмдөргө тартылган кыргызстандыктар тууралу маалыматтар күндөн күнгө көп кездешүүдө. ММК дарегине, анын ичинде журналисттерге экстремисттик уюмдардын ишин чагылдыруу менен алардын кылмыштуу көз караштарын жана таңуулоолорун жайылтууга, үгүттөөгө, өнөктөштөрдү катарына тартууга жардам берип жатышат деген айыптоолор тагылууда. ММК, мындай алып караганда, мамлекет экстремизм жана терроризм идеологиясы менен каршы күрөшүү аракеттериндеги алардын мүмкүнчүлүктөрүнө толук маани бербей жаткандыгына басым коюп жатат, далилденген коомдук-маанилүү материалдарды өз убагында жайылтуу максатында кызматташуунун ордуна ар кандай маалымат болсо дагы тыюу салынып, чектөөлөр коюлууда.

ММК укуктарын коргоо чөйрөсүндө алектенүү менен МПИ чындыгында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн арасында массалык-маалымат каражаттарынын экстремизм менен күрөшүүдөгү миссиясын түшүнбөгөндөр дагы кездешет. Маморгандардын өкүлдөрү аракеттеги мыйзам актыларын бир нече жолу бузуп келишет: эч кандай соттук чечимдердин жоктугуна карабастан маалыматтык сайттарды жаап салышты, шылтоосу, алардын ою боюнча, – экстремисттик багыттагы маалыматтык материалдар жайгаштырылган. Сөз ушул күндөрү катуу дүң болгон «Клооп» коомдук фондунун айланасында жүрүүдө, ал экстремизм менен байланышкан маалыматтарды тийиштүү деңгээлде чагылдыруу[1] көйгөйүн көтөрүп чыккан эле. Буга чейин россиялык «Фергана.ру»[2] маалыматтык ресурс жабылган. Анын үстүнө тийиштүү гана маалыматты гана жаппастан, а маалыматтык булакты толугу менен жапкан ыйгарым укуктуу орган күмөндүүлүктү жаратат.

Бул учурда маморгандын мындай аракеттери экстремисттик ишмердүүлүк жөнүндө мыйзам актыларын бузгандыгын айкындап турат, ал эми мыйзам актыларында түздөн-түз экстремисттик маалыматтарды таануу бир гана соттук тартипте гана аныктоого мүмкүн экендиги белгиленип көрсөтүлгөн. Мындай материалдардын тизмеси мезгилдүү басылмаларда жарыяланышы бир гана ММКда эмес, ыйгарым укуктуу юстиция жаатындагы жана экстремисттик ишке каршы аракеттенүүнү түздөн-түз ишке ашырган мамлекеттик органдардын расмий интернет-сайттарында жарыяланууга жатат. Баса белгилеп кетчү нерсе, мыйзамдын бул ченемдери кабыл алынган күндөн бери эле иштебей келет.

Мыйзамды ишке ашыруу боюнча аракеттеги практиканы өзгөртүү үчүн биз экстремизмге каршы аракеттенүү жаатындагы улуттук мыйзам актыларын жана Евразия экономикалык биримдигиндеги өлкөлөрдүн (ЕАЭБ) мыйзамдарын иликтеп чыктык. Бул багыттагы соттук практиканын эл аралык тажрыйбалары жана кыргыз мыйзам актыларын ишке ашыруу практикасы талдоого алынды.

Ведомстволор аралык топтун алкагында түзүлгөн мыйзам долбоору ведомстволор аралык макулдашуулардан өтүп, КР Өкмөтүнүн Аппаратына өткөрүлүп берилди. Ал мыйзам долбоорунда дооматты камсыз кылуу катары убактылуу сотко чейинки тосмону колдонуу менен соттук териштирүүлөрдүн мөөнөтүн кыскартуу каралган. 2016-жылдын 29-январында КР Өкмөтү тарабынан аталган мыйзам долбоорун бекитүү тууралуу токтом кабыл алынып, КР Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлгөн.

1 См.: http://kloop.kg/blog/2014/12/22/altynaj-isaeva-o-blokirovke-sajtov-polnomochiyah-provajderov-i-nezakonnyh-trebovaniyah-vlastej/
2 См.: http://www.media.kg/news/alisheva-nadezhda-kyrgyzstan-v-ocherednoj-raz-blokiruet-internet-sajty/

Мунун менен катар эле МПИ «ММК эркиндиги жана экстремизм менен күрөшүү» аттуу долбоорду соңуна чыгарды. Долбоорду ишке ашыруунун алкагында 2015-жылдын аягында мамлекеттик органдар үчүн эки семинар өткөрүлүп, ал семинарлар өз ичине экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча функцияны камтып турат. Катышуучулардын алдына төмөнкүдөй милдеттер коюлду: экстремизм маселелери боюнча мыйзамдардагы карама-каршы кенемтелерди жана көйгөйлөрдү таап, КР ченемдик-укуктук базасын жакшыртуу боюнча мамлекеттик органдарга сунуштарды иштеп чыгуу.

Семинарда Интернет желесиндеги маалыматтарды жөнгө салуунун эл аралык стандарты, маалыматтарды чыгарбай коюу боюнча көйгөйлөр талкууга алынып, КР Юстиция министрлигинин экстремисттик деп таанылган материалдардын реестрин киргизүүдөгү ыйгарым укуктары каралды. Өткөрүлгөн иш-чаранын жүрүшүндө дин таануу экспертиза өндүрүшү көйгөйлөрүнө өзгөчө көңүл бурулду: изилдөөнүн илимий жактан негизделген методикасы жок, экстремисттик материалдарды дин таануу боюнча экспертиза жүргүзүүчү эксперт-дин таануучулар үчүн квалификациялык талаптар бекитилген эмес.

Топтолгон материалдарды жана экстремизмге каршы аракеттенүү жөнүндө КР мыйзамдарындагы аныкталган кенемтелерди эске алуу менен КР ченемдик-укуктук базасын жакшыртуу боюнча мамлекеттик органдар үчүн сунуштар иштелип чыкты.

**Урматым менен МПИ директору,**
**Бегаим Усенова**

# I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗАСЫН ОПТИМАЛДАШТЫРУУ БОЮНЧА СУНУШТАР

-

-

-

Кыргыз мыйзамдарында «экстремизм» деген юридикалык термин жок. 2015-жылдын 17-августундагы «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында *(2.1-тиркеме)* «экстремизмге» аныктама берилбестен туруп, «экстремизмди» Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинде каралган кылмыштарды санап көрсөтүү иретинде «экстремисттик иш» деген жалпыланган термин түрүндө гана колдонулат.

1997-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Кылмыш-Жаза Кодексинин «Улуттук, расалык, диний же аймак аралык жаңжал чыгаруу» аттуу 299-беренеси толугу менен 1996-жылы кабыл алынган Россия Федерациясынын Кылмыш-Жаза Кодексинен көчүрүлүп алынган. Бирок 2003-жылы Россия Федерациясынын Кылмыш-Жаза Кодексине гумандаштыруу максатында айрым өзгөртүүлөр киргизилген, анда ушуга окшош 282-беренеде «Жек көрүүгө же жаңжал чыгарууга чейин алып баруу дагы адамдын беделине шек келтирүүгө барабар» деген сөздөр менен жаңы редакцияда сунуш кылынат. Бул беренеден «...бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же болбосо кем экендигин

үгү ч ч» дуега./ «

деген сөздөргө кошуу керек деп сунуш кылабыз.

Ошондой эле КР КЖК 299-беренесине айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. 2-бөлүктө чагылдырылган диспозициядагы «зомбулук колдонуу менен же анын колдонуп коркутуу менен» деген түшүнүк кылмыштын негизги курамына – 1-бөлүккө которулушу керек. Ушундан улам, 1-бөлүктөгү

жасалган жосун 2-бөлүктөгү ушул кылмыштын салмагын дагы да оорлотот.

«Терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүү жөнүндө» 2001-жылдын 15-июнундагы Шанхай конвенциясына ылайык, «**экстремизм**» «бийликти **зомбулук** менен басып алууга же бийликти **зомбулук** менен кармап турууга, ошондой эле коомдук коопсуздукка зомбулук менен кол салууга тең болгон мамлекеттик конституциялык түзүмдү **зомбулук** менен өзгөртүүгө, анын ичинде жогоруда көрсөтүлгөн максаттар үчүн мыйзамсыз куралдануулард түзүү же аларга катышууну уюштурууга багытталган кандайдыр бир жосун» катары аныкталат.

Шанхай кызматташтык уюмуна (ШКУ) мүчө-мамлекеттердин деңгээлинде кабыл алынган аныктамада «экстремизм» түшүнүгү айрыкча «**зомбулук иш-аракеттер**» менен коштоло тургандыгына өзгөчө көңүл бөлүнгөн.

Айтылгандардын негизинде, кыргыздын улуттук мыйзамдарына Шанхай кызматташтык уюмуна (ШКУ) мүчө-мамлекеттер тарабынан иштелип чыккан «экстремизм» түшүнүгүн киргизүүнү зарыл деп эсептейбиз.

«**Зомбулук көрсөткөн экстремизм**» термини БУУ Башкы Ассамблеясынын[4] жана БУУ Коопсуздук Кеңешинин[5] дагы башка эл аралык документтеринде, анын ичинде экстремизм жана радикалдаштыруу[6] боюнча отчётторунда колдонула тургандыгын белгилеп кетүү зарыл.

Терроризмге каршы аракеттенүү Дүйнөлүк Форумунда бир катар өлкөлөр жана эл аралык уюмдар зомбулук көрсөткөн экстремизм[7] менен күрөшүү боюнча көп сектордук мамиле жасоонун алдыңкы практикасы жөнүндө меморандумга кол коюшкан, мында мамлекеттик жана өкмөттүк эмес мекемелердин арасында зомбулук көрсөткөн экстремизмдин маңызын жалпы түшүнүү маселеси алдыга коюлган. «Зомбулук терроризмине каршы аракеттенүүнүн кандай гана болбосун программасы каалаган кайсы бир дин, маданият, этникалык топ, улут же раса менен зомбулук көрсөткөн экстремизмдин идентификациясынан алыс болууга тийиш»[8] деген сунуштар киргизилген.

-

«Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, маалымат материалдарында жана оозеки сүйлөгөн кептерде экстремисттик мазмунду аныктоого экспертиза жүргүзүлөт, экспертиза жүргүзүү координациялык эксперттик комитетке жүктөлгөн. Мыйзам боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мындай комитетти 7 жыл мурун түзүш керек болчу. Бирок бүгүнкү күндө мындай экспертиза Кыргыз Республикасынын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын адистери тара-

4 Мисалы, A/Res/68/127: http://bit.ly/1MX8mlg алууга болот.

5 БУУ Коопсуздук Кеңешинин резолюциясы 2178 (2014): http://bit.ly/1EJ51QW алууга болот.

6 Ошондой эле, Counter-Terrorism Implementation Task Force, First Report of the Working Group on Radicalisation and Extremism that Lead to Terrorism: Inventory of State Programmes кара: http://bit.ly/1NFVnRm алууга болот.

7 Терроризмге каршы дүйнөлүк аракеттенүү жөнүндө кеңири маалымат алуу үчүн: http://bit.ly/1NFVoVj кара.

8 Анкара Меморандуму: http://bit.ly/1PQ eT23 алууга болот.

бынан жүргүзүлөт, ошол эле учурда, эгерде экстремисттик иштердин бардык түрлөрүн мыйзам боюнча баалай турган болсок, төмөнкү иш-аракеттер гана диний өңүттөр менен коштолгон[9]:

Алар:

1. «жарандардын динге карата мамилеси, социалдык абалы, расасы, кайсы улутка, динге же тилге таандыгына карата белгилери боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же болбосо кем экендигин үгүттөө»;
2. «расалык, улуттук же диний жаңжал чыгаруу, ошондой эле зомбулук көрсөтүү же зомбулукка чакыруу менен байланышкан социалдык жаңжал чыгаруу»;
3. «кайсы бир социалдык топко карата жек көрүү же кастык кылуу жүйөлөрүнө барабар болгон идеологиялык, саясий, расалык, улуттук же диний жек көрүү же кастык кылуу жүйөлөрү боюнча массалык башаламандыктарды, ээнбаштык иш-аракеттерди жана вандализм актыларын ишке ашыруу.»

Иш-аракеттердин мындай түрлөрүнө гана дин таануу экспертизаларын жүргүзүүгө болот. Калган түрлөр үчүн, алар өтө эле көп, бир теолог же дин таануу эксперти жетишсиз. Мындай учурларда кошумча адистерди – лингвисттерди, саясат таануучуларды, тарыхчыларды, психологдорду, багытына жараша жана башка адистерди тартуу талап кылынат.

Бирок КР Президентинин «Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө» Жарлыгы Мамлекеттик комиссияга экстремисттик багытын аныктоого материалдарга экспертиза жүргүзүүгө ыйгарым укук бербей тургандыгын белгилеп кетүү зарыл. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын ыйгарым уктарына ылайык дин таануу экспертизасын жүргүзүүгө төмөнкү максаттар менен байланышкан учурларда гана уруксат берилет: а) диний бирикмелердин диний ишенимдерине мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү аныктоо, б) алардын динди окуу жана ибадат кылуу ишмердиктериндеги маалыматтардын тууралыгын, в) диний адабияттардын жана диний максаттагы буюмдарга талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү. Ушундан улам, экстремисттик мүнөздөгү мазмунду табууга маалымат материалдарына экспертиза жүргүзүү Мамлекеттик комиссиянын иш милдеттеринде жок.

Анын үстүнө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы дин жаатында борбордук орган болуп саналгандыгын эске алсак, ал дин чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана ишке ашырат, жарандардын динди эркин тутуусуна укуктук кепилдикти камсыздайт, ошондуктан аталган органда дин таануу сот экспертизаларын жүргүзүү таламдардын карама-каршылыгына, калыс корутундунун жок болушуна алып келиши мүмкүн, мунун аркасында изилдөө иштерине, эксперттерге жана алардын чыгарган корутундуларына ишеним артпоо жаралышы ыктымал.

Мындан тышкары, «Соттук-экспертиза жүргүзүү иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы соттук-экспертиза жүргүзгөн уюм болуп саналбайт, ушул себептен анын эксперттери сертификация жол-жобосунан өтүшпөйт. Бул мамлекеттик комиссиянын адистеринин компетенттүүлүгүнө тиешелүү көзөмөлдүн жок экендигин күбөлөндүрөт.

---

9 Айрыкча көңүл бура турган жагдай, акыркы жылдары россиялык мамлекеттик органдар жана жарандык коом диний тексттердин экстремисттик маанайда экендигин таанууга карата экстремисттик ишмердүүлүк жөнүндө мыйзамдарды колдонуунун өзгөчөлүктөрүнө кабатыр болууда. Ушуга байланыштуу 2015-жылдын аягында «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» Федералдык Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзамга кол коюлду, ага ылайык «төрт диндин – христиандык, ислам, буддизм жана иудаизмдин ыйык аяттарындагы жазуулар (Торат, Куран, Ганжу жана Танак) – экстремизмге карата текшерүүлөргө жатышы мүмкүн эмес жана аларды экстремисттик деп таанууга болбойт https://lenta.ru/news/2015/11/23/extremism/

Мыйзамдарга ылайык, компетенттүү адистикке сертификациядан өтүү *(2.2-тиркеме)* бул белгилүү эксперттик адистик (багыт) боюнча *(2.3-тиркеме)* сот эксперттеринин кесипкөй даярдык деңгээлине баа берүү болуп саналат. Экспертти сертификациядан өткөрүү ар бир 5 жылда тастыкталып турат.

Жогоруда айтылгандай, сапаттуу илимий изилдөөлөрдү алуу үчүн, бир гана дин таануу тармагында эле эмес, ар башка тармактар боюнча атайын иштелип чыккан илимий-негизделген методика *(2.4-тиркеме)* жана сертификациядан өткөн эксперттердин атайын билими *(2.5-тиркеме)* зарыл, ушуга тиешелүү экспертиза комплекстүү болууга тийиш. Бул учурда ар бир эксперттин жоопкерчилиги жогорулайт, себеби эксперт өзү изилдеген корутунду бөлүгүнө гана кол коёт. Ошондуктан экстремисттик деп табылган материалдар боюнча экспертиза (лингвистикалык, психологиялык-лингвистикалык, дин таануу ж.б.) соттук-экспертиза жүргүзгөн мамлекеттик гана уюм тарабынан жана тастыкталган компетенттүүлүк сертификатына ээ адистер менен гана жүргүзүлүүгө тийиш деп эсептейбиз.

Мындай экспертизаны жүргүзүүнүн маанилүү экендигин эске алуу менен, материалдарды экстремисттик деп табуу боюнча комплекстүү экспертиза жүргүзүү функциясын Сот экспертизаларынын мамлекеттик борборунда (СЭМБ)[10]. жакында түзүлгөн психологиялык-лингвистикалык бөлүм аткарышы мүмкүн деп болжолдойбуз. Бүгүнкү күндө аталган бөлүмгө Казакстан Республикасынын Юстиция министрлигинде Соттук экспертиза институтунда такшалуудан өтүп келген кызматкерлер менен толукталган. Бирок, тилекке каршы бардык эксперттер азырынча бир гана лингвистикалык экспертиза жүргүзө ала турган бир эле филологиялык билими менен болуп жатат. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзамынын алкагында маалымат материалдарына эксперттик изилдөө жүргүзүү үчүн башка зарыл болгон эксперт-адистерди топтоо боюнча маселени чечүү зарыл.

Соттук-экспертиза жүргүзүү ишмердигинин сапатын жакшыртуу максатында төрт ыйгарым укуктуу ведомство (Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Баңги заттарды контролдоо боюнча мамлекеттик кызматы) «Сот эксперттерине коюлуучу эксперттик адистиктердин классификаторун, квалификациялык талаптарын бекитүү тууралуу» биргелешкен буйрукка жана сот

10 «Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык акыркы чегинин саны жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылы 22-августтагы №473 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 31-январындагы №46 токтому менен психологиялык-лингвистикалык экспертизалар бөлүмүн кошуу менен жаңы бөлүмдөрдү ачуу үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Сот экспертизаларынын мамлекеттик борборунун штаттык саны 2013-жылдын 31-январынан тартып көбөйтүлгөн.

эксперттерин сертификациядан өткөрүү маселеси каралган «Сот эксперттеринин кесипкөй даярдыгын жана квалификацияларын жогорулатууну уюштуруу тууралуу» жобого кол коюшту.

Бүгүнкү күнгө чейин бир дагы соттук-экспертиза жүргүзүү уюму дин таануу экспертизасын жүргүзбөгөндүгүн эске алуу керек, ушул себептен дин таануу экспертизасы боюнча эксперттик адистик Эксперттик адистиктердин республикалык классификаторунда каралган эмес. Ушуга байланыштуу экспертизанын аталган түрү боюнча эксперттер үчүн коюлуучу квалификациялык талаптар дагы иштелип чыккан эмес.

Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 17-августунда кабыл алынган «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесине ылайык, маалымат материалдарын экстремисттик деп табуу жөнүндө күчүнө кирген сот чечиминин көчүрмөсү юстиция чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин органына жөнөтүлөт. Экстремисттик материалдардын тизмеси мезгил-мезгили менен жалпыга маалымдоо каражаттарында, ошондой эле экстремисттик ишке каршы аракеттенүүнү ишке ашырган юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын расмий интернет-сайттарында жарыяланып турууга тийиш. Мыйзамдын бул ченеми бүгүнкү күнгө чейин иштебейт.

Ар бир жаран жана уюм көрсөтүлгөн тизме жана бул тизмелердин калыптанышына негиз болуп берген соттук чечимдер менен таанышууга, алар тууралуу маалымат алуу үчүн сайтка кирүүгө укуктуу. Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү ишинин бирден бир принциби болуп, адамдар менен жарандардын укуктарын жана эркиндигин таануу жана сактоо болуп саналат.

# II. ТИРКЕМЕ:

-

*(18.02.2014-жылдагы №32 редакциясында)*

Бул Мыйзам адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин коргоо, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу максаттарында экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүүнүн укуктук жана уюштуруу негиздерин аныктайт, аны жүзөгө ашыруунун жоопкерчилигин белгилейт.

**1-статья. Негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максатын жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү негизги түшүнүктөр колдонулат:
**экстремисттик аракет (экстремизм):**

1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан, дагы башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштурууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери:
Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүү жана бүтүндүгүн бузууга;
Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга;
бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алуута же ээлеп алууга;
мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрүн түзүүгө;
террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга;
расалык, улуттук же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга;
улуттук ар-намысты кемсинтүүгө;
идеологиялык, саясий, расалык, улуттук жүйөөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого уурдап, талап-тоноого;
динге, социалдык, расалык, улуттук, диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого;

2) нацисттик атрибутиканы же символиканы же болбосо нацисттик атрибутикага же символикага аралашуу деңгээлине чейин окшош болгон атрибутиканы же символиканы пропагандалоого жана эл алдында көрсөтүүгө;

2-1) экстремисттик уюмдардын атрибутикаларын же символикаларын пропагандалоого;

3) аталган аракеттерди жасоого элди үндөө же аталган аракеттерди жасоого;

4) аталган аракеттерди каржылоо же аны жасоого көмөк көрсөтүүгө же аталган аракеттерди жасоого, анын ичинде аталган аракеттерди жасаганга финансы каражаттарын, кыймылсыз мүлктү, окуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык базаны, телефон, факсимилдик жана байланыштын башка түрлөрүн берүү, маалымдоо кызматтарын көрсөтүүгө, дагы башка материалдык-техникалык каражаттарды берүүгө;

**экстремисттик уюм** - ушул Мыйзам менен каралган негиздер боюнча экстремисттик аракеттерди жасаганга байланыштуу болгон иштерди жоюу же

тыюу салуу тууралу соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген коомдук бирикме же диний уюм же башка уюмдар;

**экстремисттик материалдар** - экстремисттик аракеттерди жасаганга үндөгөн, мындай аракетти ишке ашыруунун зарылдыгын негиздеген улуттук жана (же) расалык артыкчылыкты негиздеген же актаган, кандайдыр бир этникалык, социалдык, расалык, улуттук же диний топту толук же жарым-жартылай жок кылууга багытталган согуштук же дагы башка кылмыштарды жасоону актоого арналган жарыялоолор, документтер же башка сактагычтардагы маалыматтар;

**экстремисттик уюмдардын атрибутикалары жана символикалары** - ушул Мыйзамда каралган негиздер боюнча экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашырууга байланыштуу жоюу же тыюу салуу жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими кабыл алынган уюмдун атрибутикалары менен символикалары. Экстремисттик уюмдардын атрибутикаларын жана символикаларын илимий максатта гана колдонууга жол берилет.

*(КР 2014-жылдын 18-февралындагы N 32 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-статья. Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүүнүн негизги принциптери**

Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү төмөндөгү принциптерге негизденет:

адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, ошондой эле уюмдардын да мыйзамдуу кызыкчылыктарын таануу, сактоо жана коргоого;

мамлекеттин - экстремисттик иш-аракеттерге каршылык көрсөтүүдө башка мамлекеттер менен кызматташуусу;

мыйзамдуулукка;

ачык-айкындыкка;

Кыргыз Республикасынын коопсуздугун камсыз кылуунун артыкчылыктуулугуна;

экстремисттик аракеттердин алдын алууга багытталган чаралардын артыкчылыктуулугуна;

экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүүдө мамлекеттин коомдук бирикмелер, диний уюмдар жана жарандар менен кызматташтыгына;

экстремисттик аракеттерди ишке ашыргандыгы үчүн жазанын сөзсүз боло тургандыгына.

*(КР 2009-жылдын 20-февралындагы N 60 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**3-статья. Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүүнүн негизги багыттары**

Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү төмөндөгү негизги багыттар боюнча ишке ашырылат:

экстремисттик аракеттерди болтурбоого багытталган алдын алуу чараларын көрүү, анын ичинде экстремисттик аракеттерди жүргүзүүгө түрткү болгон себептерди жана шарттарды аныктоо жана жоюу;

коомдук бирикмелердин же диний, дагы башка уюмдардын, жеке адамдардын экстремисттик аракеттерин ашкерелөө, алдыналуу жана болтурбоо.

**4-статья. Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүүнүн субъекттери**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары өз компетенцияларынын чегинде экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүүгө катышышат.

Тигил же бул маалыматтык материалдарда же оозеки түрдө айтууларда экстремисттик мазмунду аныктоо предметине экспертиза жүргүзүү үчүн коорди-

нациялык эксперттик комитет түзүлөт, анын жобосу жана курамы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

*(КР 2009-жылдын 20-февралындагы N 60 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-статья. Экстремисттик аракеттердин алдын алуу**

Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз компетенцияларынын чектеринде артыкчылыктуу тартипте алдын алуу, анын ичинде экстремисттик аракеттердин алдын алууга багытталган тарбиялоо, пропагандалоо чараларын ишке ашырышат.

**6-статья. Экстремисттик аракеттерди ишке ашыруунун жол берилбестиги жөнүндө эскертме жарыялоо**

Экстремисттик аракеттердин белгилерин камтыган укукка каршы аракеттердин даярдалып жатканы тууралу жетиштүү жана алдынала тастыкталган маалыматтар болгон жана кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн негиздер болбогон учурда, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же анын орун басары, же ага баш ийген тийиштүү прокурор же анын орунбасары коомдук бирикменин же диний уюмдун, же дагы башка уюмдун жетекчисине, ошондой эле тийиштүү адамдарга анын дайындуу себептерин көрсөтүү менен андай аракеттерге жол бербсө тууралу жазуу жүзүндө эскертме жөнөтөт.

Эскертмеде айтылган талаптарды аткарбай койгон учурда, ошол эскертме берилген адам белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.

**7-статья. Коомдук бирикмелерге же диний уюмдарга же дагы башка уюмдарга экстремисттик аракеттерди жасоого жол бербөө жөнүндө алдын ала эскертүү чыгаруу**

Коомдук бирикмелерге же диний уюмга же дагы башка уюмга алардын аракеттеринде, анын ичинде алардын аймактык же башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн биринде эле экстремисттик аракеттердин белгилери бар экендигин күбөлөндүргөн фактылар белгилүү болгон учурда, эскертүүнүн айкын негиздерин көрсөтүү менен андай аракеттерге жол бербөө жөнүндө, анын ичинде кетирилген кемчиликтерди көрсөтүү менен жазуу жүзүндө алдын ала эскертүү чыгарылат. Алдын ала эскертүүдөгү кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүүгө мүмкүн болгон учурда алдын ала эскертүү чыгарылган күндөн тартып он күндөн кем болбогон убакытка көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу мөөнөтү белгиленет.

Коомдук бирикмеге же диний уюмга, дагы башка уюмдарга алдын ала эскертүү Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же ага баш ийген тийиштүү прокурор тарабынан чыгарылат. Коомдук бирикмеге же диний уюмга алдын ала эскертүү аткаруу бийлиги же анын юстиция чөйрөсүндөгү тийиштүү аймактык органдары тарабынан да чыгарылышы мүмкүн.

Алдын ала эскертүү белгиленген тартипте сотко даттануусу мүмкүн.

Эгерде тийиштүү коомдук бирикмелер же диний уюмдар, же дагы башка уюмдар же алардын аймактык же башка түзүмдүк бөлүмчөлөрү тарабынан алдын ала эскертүүдө белгиленген мөөнөттө алдын ала эскертүү чыгарууга негиз болгон кемчиликтер четтетилбесе, же алдын ала эскертүү чыккан күндөн кийин да алардын аракеттеринде экстремисттик аракеттердин белгилери бар экенин күбөлөндүргөн жаңы фактылар белгилүү болсо, ушул Мыйзамда белгиленген тартипте тийиштүү коомдук бирикме же диний уюм, же башка уюм жоюлууга тийиш, ал эми юридикалык жак болбогон коомдук бирикменин же диний уюмдун иштешине тыюу салынат.

**8-статья. Жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу экстремисттик материалдарды таратуунун жана алар тарабынан экстремисттик аракеттердин ишке ашырылышынын жол берилбестиги тууралу алдын ала эскертүү**

Жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу экстремисттик материалдар таратылган же алардын аракеттеринде экстремисттик аракеттердин белгилери бар экенин күбөлөндүргөн фактылар белгилүү болгон учурда, бул жалпыга маалымдоо каражаттарынын уюштуруучусуна жана (же) редакцияга (башкы редакторуна), аны каттоодон өткөргөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же аткаруу бийлигинин басма, телерадио жана массалык коммуникация каражаттар чөйрөсүндөгү органдары же Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору же анын тийиштүү прокурору аркылуу аталган аракеттердин жол берилбестиги тууралу же ал аракеттерге алдын ала эскертүүнүн айкын себебин, анын ичинде кетирилген кемчиликтерди көрсөтүү менен жазуу жүзүндөгү алдын ала эскертүү чыгарылат. Эгерде кетирилген кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды колдонуу мүмкүн болгон учурда, аны менен бирге аталган кемчиликтерди жоюуга алдын ала эскертүү чыккан күндөн тартып аталган кемчиликтерди жоюу үчүн он күндөн кем болбогон мөөнөт белгиленет.

Эгерде алдын ала эскертүүдө белгиленген мөөнөттө эскертүү чыгаруу үчүн негиз болгон кемчиликтерди жоюу боюнча чаралар көрүлбөсө, же алдын ала эскертүү чыккан күндөн тартып он эки айдын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарынын аракеттеринде экстремисттик аракеттердин белгилери бар экенин күбөлөндүргөн жаңы фактылар кайрадан белгилүү болсо, тийиштүү жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши ушул Мыйзамда белгиленген тартипте токтотулууга тийиш.

**9-статья. Экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашыргандыгы үчүн коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын же дагы башка уюмдардын жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасында экстремисттик аракеттерди жасоого багытталган коомдук бирикмелерди же диний уюмдарды, же дагы башка уюмдарды түзүүгө жана алардын иш аракеттерине тыюу салынат.

Ушул Мыйзамдын 7-статьясынын төртүнчү бөлүгүндө каралган учурларда коомдук бирикме же диний уюм же дагы башка уюм, алардын региондык же болбосо башка түзүмдүк бөлүмчөлөрүнүн адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга, жарандарга, алардын ден соолугуна, айлана чөйрөгө, коомдук тартипке, коомдук коопсуздукка, менчикке, жеке адамдардын жана (же) юридикалык жактардын мыйзамдуу экономикалык таламдарына, коомго жана мамлекетке зыян келтирүүгө алып келген, же ошондой зыян келтирүүгө айкын коркунуч туудурган экстремисттик аракеттерди жасаган учурда, тийиштүү коомдук бирикме же диний уюм, же дагы башка уюм жоюлушу мүмкүн, ал эми юридикалык жак болбогон тийиштүү коомдук бирикменин же диний уюмдун ишине Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун же ага тийиштүү прокурордун арызынын негизинде чыгарылган соттун чечими боюнча тыюу салышы мүмкүн.

Ушул статьянын аталган экинчи бөлүгүндөгү негиздер боюнча коомдук бирикме же диний уюм жоюлушу мүмкүн, ал эми юридикалык жак болбогон коомдук бирикменин же диний уюмдун иш аракетине аткаруу бийлигинин юстиция чөйрөсүндөгү же анын тийиштүү аймактык органынын арызынын негизинде чыгарылган соттун чечими боюнча тыюу салынышы мүмкүн.

Ушул Мыйзамда каралган негиздер боюнча коомдук бирикмени же диний уюмду жоюу тууралу сот тарабынан чечим кабыл алынганда, алардын региондук жана башка түзүмдүк бөлүмдөрү да жоюлууга тийиш.

Ушул Мыйзамда каралган негиздер боюнча жоюлган коомдук бирикменин же диний уюмдун же дагы башка уюмдун кредиторлорунун талаптарын канаттандыргандан калган мүлкү Кыргыз Республикасынын менчигине өткөрүлүүгө тийиш. Аталган мүлктү Кыргыз Республикасынын менчигине өткөрүп берүү жөнүндө чечим коомдук бирикмени же диний уюмду, же дагы башка уюмду жоюу тууралу чечим менен бир убакта сот аркылуу чыгарылат.

**10-статья. Коомдук бирикменин же диний уюмдун ишин токтото туруу**

Коомдук бирикме же диний уюм тарабынан адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузууга, жарандардын инсандыгына жана денсоолугуна, айлана-чөйрөгө, коомдук тартипке, коомдук коопсуздукка, менчикке, жеке жана (же) юридикалык жактардын мыйзамдуу экономикалык таламдарына, коомго жана мамлекетке зыян келтирген, же андай зыянды келтирүүгө чыныгы коркунуч түзгөн экстремисттик аракеттерди жасаган учурда ушул Мыйзамдын 9-статьясында каралган негиздер боюнча коомдук бирикмени же диний, уюмду жоюу же ишин токтотуу жөнүндө арыз менен сотко кайрылган убакыттан тартып жогоруда көрсөтүлгөн жеке жана (же) юридикалык жактардын арыздарын сот караганга чейин ал коомдук бирикменин же диний уюмдун ишин тийиштүү кызмат адамы же орган өз чечими менен убактылуу токтотуп коюуга укуктуу.

Коомдук бирикменин же диний уюмдун ишмердигин токтото туруу, аларды жоюу же алардын ишине тыюу салуу жөнүндө арыз сотто каралганга чейин белгиленген тартипте сотко даттана алат.

Коомдук бирикменин же диний уюмдун иши убактылуу токтотулган учурда коомдук бирикменин же диний уюмдун, алардын регионалдык жана дагы башка түзүмдүк бөлүмчөлөрү жалпыга маалымдоо каражаттарынын уюштуруучусу катары укуктары да убактылуу токтотулат, аларга мамлекеттик жана муниципалдык жалпыга маалымдоо каражаттарынан пайдаланууга, жыйналыштарды, митингдерди, демонстрацияларды, жүрүштөрдү, пикетке чыгуу жана башка көпчүлүк катышкан акцияларды уюштурууга жана өткөрүүгө, шайлоолорго жана референдумдарга катышууга, келтирилген зыяндардын, залалдын ордун толтуруу, салык, жыйым же айыптарды жана эмгек келишими боюнча чарбалык ишке байланышкан эсептешүүлөрдү жүргүзүүдөн тышкары банкык салымдарды колдонууга тыюу салынат.

Эгерде сот коомдук бирикмени же диний уюмду жоюу же алардын ишин токтотуу тууралу арызды канааттандырбаса, ал бирикме же диний уюм соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенден тартып өз иштерин кайра баштайт.

Саясий партиялардын ишин токто туруу Кыргыз Республикасынын «Саясий партиялар жөнүндө» Мыйзамында каралган тартипте ишке ашырылат.

**11-статья. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын экстремисттик материалдарды тараткандыгы жана экстремисттик аракеттерди жасагандыгы үчүн жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасында жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу экстремисттик материалдарды таратууга жана алардын экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашыруусуна тыюу салынат.

Эгерде жалпыга маалымдоо каражаттары ушул Мыйзамдын 8-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө каралган учурда же адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келген, жарандардын инсандыгына жана денсоолугуна, айлана-чөйрөгө, коомдук тартипке, коомдук коопсуздукка, менчикке, жеке жана (же) юридикалык жактардын мыйзамдуу экономикалык таламдарына, коомго жана мамлекетке зыян келтирген же андай зыян

келтирүүгө чыныгы коркунуч түзгөн экстремисттик аракеттерди жасаган учурда аны каттоодон өткөргөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын же басма сөз, телерадио берүүлөрү жана массалык коммуникация каражаттары чөйрөсүндөгү аткаруу бийлик органдарынын, же Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун же ага баш ийген тийиштүү прокурордун билдирүүсүнүн негизинде тийиштүү жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши соттун чечими боюнча токтотулушу мүмкүн.

Экстремисттик материалдарды таратууну улантууга жол бербөө максатында сот мезгилдүү басылманын тийиштүү номурларын, же доону камсыз кылуу боюнча чараларды кабыл алуу үчүн каралган тартипте аудио- же көрмө жазуу программаларынын жазылган нускаларын сатып өткөрүүнү, теле-радио же көрмө программаларды чыгарууну токтотот.

Соттун чечими экстремисттик багыттагы материалдар басылган жалпыга маалымдоо каражаттарынын таркатылбаган нускаларынын сатылбай калган бир бөлүгүн сакталып турган жеринен дүң жана чекене соодадан алып коюуга негиз болуп саналат.

**12-статья. Жалпы пайдалануудагы байланыш тармагын экстремисттик аракеттерди жасоо үчүн пайдаланууга жол бербөө**

Жалпы пайдалануудагы байланыш тармактарын экстремисттик иштерди жасоо үчүн пайдаланууга тыюу салынат.

Эгерде жалпы пайдалануудагы байланыш тармактары экстремисттик ара-
кеттерди ишке ашырууга пай... байланышы т. ... нудаг -

укуктуу мамлекеттик органдардын расмий интернет-сайттарында жарыяланып турууга тийиш.

Материалдарды экстремисттик материалдардын тизмесине киргизүү жөнүндө чечимге белгиленген тартипте сотко даттанууга болот.

Экстремисттик материалдардын тизмесине киргизилген материалдар Кыргыз Республикасынын аймагында таратылбайт.

Аталган материалдарды андан ары таратуу максатында мыйзамсыз жасоого, таратууга, ташууга жана сактоого күнөөлүү адамдар административдик же болбосо кылмыш-жазык жоопкерчилигине тартылышат.

*(КР 2013-жылдын 8-майындагы N 66 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**14-статья. Кызмат адамдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин экстремисттик аракеттерди жасагандыгы үчүн жоопкерчилиги**

Мамлекеттик кызматта турган кызмат адамынын, ошондой эле дагы башка адамдын экстремисттик аракеттерди жасоонун зарылдыгы, жол берилгендиги, мүмкүндүгү же керектиги жөнүндө көпчүлүк алдында, же болбосо кызмат милдеттерин аткаруу үстүндө, болбосо ээлеген кызматын көрсөтүү менен айткандары, ошого тете кызматтагы адамдын өз компетенциясына ылайык экстремисттик аракеттерди болтурбоо боюнча чараларды көрбөй коюусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке кириптер кылат.

Тийиштүү мамлекеттик органдар жана жогорку кызмат адамдары ушул статьянын биринчи бөлүгүндө аталган аракеттерге жол берген адамдарды жоопкерчиликке тартуу боюнча токтоосуз зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

**15-статья. Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашыргандыгы үчүн жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашыргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кылмыш-жазык, административдик жана жарандык-укуктук жоопкерчиликтерди тартышат.

Мамлекеттик жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу максатында ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте жана негиздер боюнча, экстремисттик аракеттерди ишке ашырууга катышкан адамга соттун чечими менен мамлекеттик кызматка, аскердик кызматка жана укук коргоо органдарына кызматка кирүүгө, ошондой эле билим берүү мекемелеринде, жеке аңдуу-иликтөө жана коргоо иштерин жүргүзүүгө чектөө коюлушу мүмкүн.

Эгерде коомдук бирикменин же диний уюмдун, же дагы башка уюмдун жетекчиси же жетекчи органынын мүчөсү экстремисттик аракеттерди ишке ашырууга үндөп, эл алдында айткан билдирүүсү, ошондой эле өзүнүн жеке пикири экенин айтпай, ошого тете эл алдында сүйлөгөн учурда андай адамга карата экстремисттик багыттагы кылмышы үчүн соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурда, тийиштүү коомдук бирикме, диний, же башка уюм ошол билдирүү жасалган күндөн тартып беш күнгө чейин ал адамдын жасаган билдирүүсүнө жана анын аракетине макул эместигин эл алдында айтууга милдеттүү.

Эгерде тийиштүү коомдук бирикме же диний уюм же дагы башка уюм эл алдында андай билдирүү жасабаса, анда бул алардын аракеттеринде экстремизмдин белгилеринин бар экенин күбөлөндүргөн факт катары каралышы мүмкүн.

Ушул Мыйзамдын 1-статьясынын биринчи бөлүгүндө каралган белгилердин бирин эле камтыган басма сөз, аудио-, аудиовизуалдык жана башка мате-

риалдардын (чыгармалардын) автору жана (же) аткаруучусу соттун чечими боюнча экстремисттик аракетти жүзөгө ашырган жак катары таанылат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат (тартат).

*(КР 2013-жылдын 8-майындагы N 66 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**16-статья. Көпчүлүк катышкан акцияларды жасаганда экстремисттик аракеттердин жүзөгө ашырылышына жол бербөө**

Жыйналыштарды, митингдерди, демонстрацияларды, жүрүштөрдү жана пикеттерди өткөрүүдө экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашырууга тыюу салынат. Көпчүлүк катышкан акциянын уюштуруучулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген көпчүлүк катышкан акцияларды өткөрүү тартибине коюлуучу тиешелүү талаптарды сактоо, экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашырууга жол бербөө, ошондой эле аны өз убагында болтурбай коюу жоопкерчилигин алышат.

Көпчүлүк катышкан акциянын катышуучуларына курал-жарактарды, ошондой эле жарандардын ден соолугуна зыян келтирүүгө ылайыкталган же атайын даярдалган, жеке жана юридикалык жактарга материалдык зыян келтирүүчү нерселерди жандарына салып жүрүүгө тыюу салынат.

Көпчүлүк катышкан акцияларды өткөргөн учурда ага экстремисттик уюмдарды тартууга, алардын символикасын же атрибутикасын пайдаланууга, ошондой эле экстремисттик материалдарды таратууга жол берилбейт.

Ушул статьянын үчүнчү бөлүгүндө каралган жагдайлар белгилүү болгон учурда акциянын уюштуруучулары же аны өткөрүүгө жооптуу адамдар аталган тартип бузууларды четтетүү боюнча ошол замат чара көрүүгө милдеттүү. Бул милдеттерди сактабоо Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын өкүлдөрүнүн талаптары боюнча көпчүлүк катышкан акциянын токтотулушуна жана анын уюштуруучуларынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздерде жана тартипте жоопко тартылууларына кириптер кылат.

**17-статья. Экстремизм менен күрөшүү жаатындагы эларалык кызматташтык**

Кыргыз Республикасынын аймагында четөлкөлүк коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын же дагы башка уюмдардын жана алардын бөлүмчөлөрүнүн эларалык укук актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык экстремисттик деп табылган иштерине тыюу салынат.

Четөлкөлүк өкмөттүк эмес уюмдун ишине тыюу салуу төмөндөгүлөргө кириптер кылат:

а) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик аккредитациянын жана каттоонун жокко чыгарылышына;

б) четөлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын ушул уюмдун өкүлү катары Кыргыз Республикасынын аймагында туруусуна тыюу салууга;

в) Кыргыз Республикасынын аймагында кандай гана болбосун чарбалык жана башка иштерди жүргүзүүгө тыюу салууга;

г) тыюу салынган уюмдун атынан кандай гана болбосун материалдарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоого тыюу салууга;

д) Кыргыз Республикасынын аймагында тыюу салынган уюмдун материалдарын, ошого тете ошол уюмдун материалдарын камтыган маалыматтык дагы башка продукцияларды таратууга тыюу салууга;

е) ар кандай көпчүлүк катышкан акцияларды жана жалпы элдик иш чараларды өткөрүүгө, тыюу салынган уюмдардын өкүлү (же анын расий өкүлү)

катары ал акцияларга жана жалпы иш чараларга катышуусуна тыюу салууга;
ж) ар кандай уюштуруу-укуктук түрдөгү анын укук мураскери - уюмдарын түзүүгө тыюу салууга.

Өкмөттүк эмес четөлкөлүк уюмдун ишин токтотуу тууралу соттун чечими күчүнө киргенден кийин Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасындагы тийиштүү четөлкөлүк дипломаттык өкүлчүлүккө же консулдук мекемеге он күндүк мөөнөттө Кыргыз Республикасынын аймагында ал уюмдун иштерине тыюу салынганы, тыюу салуунун себеби, ошондой эле тыюу салууга байланыштуу анын кесепеттери жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын эларалык макулдашууларына ылайык Кыргыз Республикасы экстремизм менен күрөшүү жаатында чет мамлекеттер, алардын укук коргоо органдары жана атайын кызматтары, ошондой эле экстремизмге каршы күрөш жүргүзгөн эларалык уюмдар менен кызматташат.

**18-статья. Корутунду жоболор**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
«Эркин Тоо» газетасынын 2005-жылдын 19-августунда №67 жарыяланды
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:
- эки айлык мөөнөттүн ичинде өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;
- эларалык укуктук актыларга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштери экстремисттик деп таанылган коомдук бирикмелердин жана диний уюмдардын, чет мамлекеттердин дагы башка уюмдарынын жана алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрүнүн тизмесин даярдасын жана жарыяласын;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

-

**2.2. Кыргыз Республикасында соттук эксперттерге компетенттүүлүк сертификаттарын берүүнүн тартиби жана шарттары, берүүдөн баш тартуу, аракеттерин токтото туруу, токтотуу жана сертификатын алып салуу жөнүндө жобо**
*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы № 132 токтому менен бекитилген)*

**1. Жалпы жоболор**

1. Бул Жобо менен сот экспертинин компетенттүүлүгүн сертификациялоонун тартиби, сертификатты берүүнүн, берүүдөн баш тартуунун, жарактуулугун токтото туруунун, токтотуунун жана ажыратуунун шарттары аныкталат.

2. Компетенттүүлүктү сертификациялоо тийиштүү эксперттик адистик (багыт) боюнча соттук-эксперттик иште иштөөнү чечкен талапкердин (мындан ары - талапкер) кесиптик даярдыгынын деңгээлин баалоодо турат.

3. Компетенттүүлүктү сертификациялоо төмөнкү максаттарга жетүү үчүн жүргүзүлөт:
а) талапкердин компетенттүүлүгүн аныктоо;
б) талапкердин белгиленген талаптарга ылайыктыгын көз карандысыз жана квалификациялуу баалоону уюштуруу жана өткөрүү.

4. Сот экспертинин компетенттүүлүгүнүн сертификаты (мындан ары - сер-

тификат) тийиштүү эксперттик адистик боюнча талапкердин соттук-эксперттик ишти жүргүзүүгө квалификациясын тастыктоочу документ болуп саналат.

5. Талапкерлерге төмөнкү талаптар коюлат:
а) тиешелүү чөйрөдөгү билим;
б) иштеги стаж жана тажрыйба;
в) конкреттүү эксперттик адистик боюнча мамлекеттик соттук-эксперттик мекемелерде такшалуудан өтүү.

6. Компетенттүүлүктү сертификациялоо тийиштүү мамлекеттик органдагы Кыргыз Республикасынын сот экспертинин компетенттүүлүгүн сертификациялоо маселеси боюнча мамлекеттик эксперттик-квалификациялык комиссия (мындан ары - Комиссия) тарабынан ишке ашырылат.

7. Сертификаттын жарактуулук мөөнөтү 5 жыл болот.

8. Сертификат алган сот эксперттери жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын Сот эксперттеринин мамлекеттик реестрине киргизилет.

**2. Компетенттүүлүктү сертификациялоонун тартиби жана шарттары**

9. Компетенттүүлүктү сертификациялоо төмөнкү этаптардан турат:
а) талапкерлердин берген документтерин кароо;
б) квалификациялык экзамен алуу.

10. Компетенттүүлүктү сертификациялоо талапкерлердин берген өтүнмөсү боюнча жүргүзүлөт.

11. Өтүнмөгө талапкерлер төмөнкү документтерди тиркешет:
а) паспорттун көчүрмөсү;
б) билими жөнүндө документтердин нотариуста күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;
в) арыз берүүчүнүн жашаган жериндеги наркологиялык жана психиатриялык диспансерлер тарабынан Комиссияга тапшырганга чейин бир айдан ашык эмес убакытта берилген медициналык маалымкаттар, укук коргоочу органдардын эксперттеринен башкаларга;
г) соттуулугу жоктугу жөнүндө маалымкат, укук коргоочу органдардын эксперттеринен башкаларга.

12. Сертификатты алууга биринчи жолу талаптанган талапкерлер өтүнмөгө кошумча төмөнкүлөрдү тиркешет:
а) экспертизанын тийиштүү чөйрөсүндөгү адис катары талапкердин ишин баалоо менен такшалманын жетекчиси кол койгон пикир:
б) соттук-эксперттик иш жүргүзүүчү мамлекеттик органдар бекитүүчү даярдоо программаларына ылайык аткарылган текшерүү тапшырмалары боюнча бештен кем эмес окуу корутундулары.

13. Соттук-эксперттик иш жүргүзүүгө мурда сертификат алган талапкерлер өтүнмөгө кошумча сертификацияланууучу адистик боюнча эксперттик ишинин акыркы жылында аткарган экспертизаларынын тизмесин (реестрин) берет.

14. Сертификат алуу үчүн берилген документтерди Комиссия он күндүк мөөнөттө карайт.

Документтер алардын мазмунунун толуктугу жана тууралыгы жагынан каралат. Документтерди кароонун жыйынтыгы боюнча Комиссия талапкерлерди квалификациялык экзаменге киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат. Кабыл алынган чечимдин жыйынтыгы жөнүндө талапкерлер эки иш күндүн аралыгында кабарланат.

15. Квалификациялык экзамен сот экспертинин ишин жүргүзүүгө талапкердин билимин жана кесиптик даярдыгын белет алуу формасы боюнча аныктайт.

Квалификациялык экзаменге сертификациялоо маселеси каралып жаткан талапкер, ошондой эле такшалманын жетекчиси чакырылат, такшалманын жетекчиси Комиссиянын жыйынында талапкердин даярдык деңгээли жөнүндө баяндайт.

Комиссия жыйын процессинде кароого берилген материалдарды карайт, талапкерге конкреттүү эксперттик адистик, соттук экспертизанын теориялык негиздери, процесстик мыйзамдардын ченемдери жана эксперттик ишти жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар боюнча суроолорго жооп сурайт.

16. Компетенттүүлүгүн сертификациялоонун жыйынтыгы боюнча Комиссия талапкерге сертификатты берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

Сертификациялоо маселеси чечилип жаткан талапкер добуш берүүдө катышпайт.

17. Сертификат ушул Жобонун тиркемесине ылайык формада берилет. Сертификатка квалификациялык экзамен алган Комиссиянын төрагасы кол коет жана мамлекеттик органдын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Соттук эксперттерди Кыргыз Республикасынын сот эксперттеринин мамлекеттик реестрине киргизүүдө каттоо номери ыйгарылат. Сертификат Комиссиянын жыйыны өткөн күндөн кийин он иш күндүн аралыгында берилет.

Сертификаттын жарактуулугу башталган күн болуп аны берген күн эсептелет. Сертификаттардын бланктары Комиссия иштеген мамлекеттик органдын каражатынын эсебинен жасалат.

18. Тийиштүү эксперттик адистик боюнча сертификаты бар сот эксперти ушул главада белгиленген тартипте башка дагы эксперттик адистик боюнча сертификат алууга укуктуу.

19. Талапкердин каалоосу боюнча компетенттүүлүктү сертификациялоо ушул главада белгиленген тартипте бир эле убакта эксперттик адистиктин бардык же бир нече түрлөрү боюнча өткөрүлүшү мүмкүн.

20. Сертификаты жоголсо, бузулса соттук эксперт сертификаттын дубликатын алууга укуктуу.

Жоголгон, бузулган сертификаттар сот эксперти Комиссияга жазуу жүзүндө арыз берген күндөн баштап жараксыз деп эсептелет.

Сертификаттын дубликатын Комиссия берет. Сертификаттын дубликатына жаңы каттоо номери коюлат жана оң жагындагы жогорку бурчуна «Дубликат» деген штамп басылат.

**3. Компетенттүүлүк сертификатын берүүдөн баш тартуунун, жарактуулугун токтото туруунун, токтотуунун жана ажыратуунун негиздери жана шарттары**

21. Сертификатты берүүдөн төмөнкү учурларда баш тартылат, эгерде талапкер же сот эксперти:

а) ушул Жобонун 11, 12 жана 13-пункттарына ылайык талап кылынуучу бардык документтерди тапшырбаса;

б) ушул Жобонун 5-пунктунда белгиленген талаптарга жооп бербесе;

в) жоюлбаган же алып салынбаган соттуулугу бар болсо;

г) мамлекеттик кызматчы болсо, укук коргоо органдарынын бөлүктөрүнүн эксперттеринен башкалар;

д) акыркы 3 жыл аралыгында сот экспертинин ишин жүргүзүүгө компетенттүүлүк сертификатынан ажыратылган болсо.

22. Сертификациялоодон баш тартылган учурда, чечимде Комиссиянын

сертификатты берүүдөн баш тартуусунун жүйөлөрү көрсөтүлүп жана сунуштамалар берилиши керек. Компетенттүүлүктү сертификациялоо жөнүндө маселе Комиссиянын сунуштамаларын аткаргандан кийин 6 айдан кем эмес убакыт өткөндө кайра каралышы мүмкүн.

23. Сот экспертине карата кызматтык иликтөө же тергөө жүргүзүлгөн убакта анын сертификатынын жарактуулугу токтотулуп турат.

24. Сот экспертин сертификаттан ажыратуу төмөнкү учурларда болот:

а) сот экспертине карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

б) адам сот экспертинин ишин аткарууда мыйзамды бир нече жолу одоно бузса жана ал соттук-эксперттик уюмдун жетекчисинин сунушунун, соттун жеке аныктамасынын же прокурордун сунушунун негизинде жүргүзүлгөн кызматтык иликтөөнүн корутундусу менен ырасталса;

25. Комиссиянын сот экспертин сертификатынан ажыратуу маселеси боюнча жыйынынын протоколунун ырасталган көчүрмөлөрү сунушту киргизген органдын (адамдын) дарегине жиберилет.

26. Сертификаттын жарактуулугу төмөнкү учурларда токтотулат:

а) компетенттүүлүк сертификатын алгандан кийин беш жыл өткөндө;

б) адамды аракетке жараксыз, аракетке жарактуулугу чектелүү, өлгөн же дайынсыз жоголгон деп эсептөө жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

в) жарандыгын жоготкондо;

г) сот эксперти сертификаттын жарактуулугун токтотуу жөнүндө арыз бергенде.

27. Сертификаттын жарактуулугу токтотулгандан кийин сот экспертине сот экспертизасын жүргүзүүгө укук компетенттүүлүктү сертификациялоодон кайта өткөндөн кийин кайрадан берилиши мүмкүн (ушул Жобонун 26-пунктунун "б" жана "в" пунктчаларында каралгандан башка учурларда).

Сот экспертинин сертификатынын жарактуулугун токтото туруу, токтотуу жана ажыратуу маселеси боюнча Комиссиянын жыйынынын протоколунан күбөлөндүрүлгөн көчүрмө кызыкдар жактын арызы боюнча берилет.

28. Сертификаттын жарактуулугун токтото туруу, токтотуу жана ажыратуу жөнүндө маселе Комиссиянын жыйынында каралат.

29. Сот экспертинин сертификатынын жарактуулугун токтото туруу, ажыратуу жана токтотуу жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын Сот эксперттеринин мамлекеттик реестрине киргизилет.

30. Сертификаттан ажыратуу жөнүндө чечим кабыл алынган соттук эксперттин сертификаты Комиссияга өткөрүп берилүүгө тийиш.

31. Комиссиянын чечиминин үстүнөн соттук тартипте даттанууга болот.

-
-

**№ ____ СЕРТИФИКАТ**

______________________________________________________________________
_
*(мамлекеттик органдын аталышы)*
алдындагы эксперттик-квалификациялык комиссиянын чечими менен

______________________________________________________________________
_
*(Ф.А.А.)*

______________________________________________________________________
_
*(наименование экспертной специальности)*
сот экспертинин ишин жүргүзүүгө квалификациясын тастыктаган ушул компетенттүүлүк сертификаты берилди.
Берилген күнү:
*Эксперттик-квалификациялык комиссиянын төрагасы*

**2.3. Кыргыз Республикасында соттук эксперттерге компетенттүүлүгүн сертификациялоо маселелери боюнча эксперттик-квалификациялык комиссия жөнүндө жобо**
*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №132 токтому менен бекитилген)*

**1. Жалпы жоболор**

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын сот эксперттеринин компетенттүүлүгүн сертификациялоо маселеси боюнча эксперттик-квалификациялык комиссиянын компетенттүүлүк сертификатын берүү, берүүдөн баш тартуу, жарактуулугун токтото туруу, токтотуу жана ажыратуу маселелери боюнча ишинин уюштурулушун жана тартибин аныктайт.

2. Эксперттик-квалификациялык комиссиялар (мындан ары - Комиссия) Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Баңгизаттарды контролдоо боюнча мамлекеттик кызматтын карамагында түзүлүп жана иштешет.

3. Комиссия өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын "Соттук-эксперттик иш жөнүндө" Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

4. Комиссия Кыргыз Республикасында сот экспертинин ишин жүргүзүүгө талапкер болгон талапкерлердин компетенттүүлүгүн сертификациялоо үчүн түзүлгөн, туруктуу иштөөчү орган болот.

**2. Комиссиянын түзүмү жана курамы**

5. Комиссиянын түзүмүнө карамагында комиссия түзүлүүчү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, эксперттик мекемелердин өкүлдөрү жана сот эксперттери кирет. Макулдашуу боюнча комиссиянын түзүмүнө илимий мекемелердин жана жогорку окуу жайлардын өкүлдөрү да кириши мүмкүн.

Комиссиянын түзүмү төрагадан, комиссиянын катчысынан жана мүчөлөрүнөн турат.

6. Комиссиянын персоналдык түзүмү карамагында Комиссия түзүлгөн мамлекеттик органдын чечими менен бекитилет.

7. Комиссия соттук экспертизанын айрым түрлөрү же конкреттүү эксперттик багыттар боюнча ички комиссияларды (секцияларды) түзүүгө укуктуу.

**3. Комиссиянын функциялары**

8. Комиссия төмөнкү функцияларды аткарат:
а) Комиссиянын ишинин регламентин аныктайт;
б) компетенттүүлүккө сертификациялоодон өтүү үчүн талапкерлер берген документтерди карайт;
в) экзамендик белеттерге киргизилчү суроолордун тизмесин жана санын бекитет;
г) квалификациялык экзаменди алат;
д) төмөнкүдөй чечимдерди чыгарат:
компетенттүүлүк сертификатын берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө;
компетенттүүлүк сертификатынын жарактуулугун токтото туруу, токтотуу жана ажыратуу жөнүндө;
компетенттүүлүк сертификаты жоголгондо жана бузулганда алардын дубликаттарын берүү жөнүндө;
сот эксперттеринин компетенттүүлүк маселеси боюнча аларга карата жүргүзүлгөн кызматтык иликтөөлөрдүн корутундуларын карайт.
9. Комиссиянын төрагасы:
а) Комиссиянын ишин уюштурат жана жетектейт;
б) Комиссиянын жыйындарын чакырат жана өткөрөт;
в) Комиссия кабыл алган чечимдерди бекитет:
г) Комиссия кабыл алган чечимдердин аткарылышына контролду камсыздайт.

10. Комиссиянын катчысы:
а) Комиссиянын жыйындарын даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат;
б) Комиссиянын жыйындарын өткөрүү үчүн материалдарды даярдайт;
в) Комиссиянын ишине байланыштуу иш кагаздарын жүргүзөт, ошондой эле компетенттүүлүк сертификаты берилген эксперттердин эсебин жана сертификаттардын бланктарынын эсебин жүргүзөт;
г) Комиссиянын жыйындарынын протоколдордун жазат жана тариздейт;
д) Комиссиянын дарегине келген материалдарды сактоону уюштурат;
е) сот эксперттеринин компетенттүүлүк сертификаттарын тариздейт жана компетенттүүлүк сертификатын берүүнү каттоо журналына аларды берүүнүн эсебин жазат;
ж) Кыргыз Республикасынын сот эксперттеринин мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн сертификациялоонун жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды берет.

**4. Комиссиянын ишин уюштуруу**

11. Комиссиянын жыйыны эгерде ага Комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышса мыйзамдуу болуп эсептелет.

12. Чечим талкуунун негизинде, жыйынга катышкан Комиссия мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калганда Комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болуп эсептелет.

13. Комиссиянын чечимдери жыйындардын протоколдору менен тариздселет, ага Комиссиянын бардык мүчөлөрү кол коюшат.

14. Комиссиянын жыйыны компетенттүүлүк сертификатын алууга өтүн-

мөлөрдүн түшүшүнө жараша, бирок кварталда бир жолудан кем эмес өткөрүлүп турат.

15. Комиссиянын ишин уюштуруучулук-техникалык камсыздоо Комиссия иштеген мамлекеттик орган тарабынан ишке ашырылат.

16. Комиссиянын жыйынын өткөрүү убактысы, орду, күнү жана күн тартиби Комиссиянын мүчөлөрүнө катчы тарабынан жыйынды өткөрүүчү күндөн беш иш күн мурда жиберилет.

17. Комиссия жеке жана юридикалык жактардан өз функцияларын аткаруу үчүн керектүү жазуу түрүндөгү жана оозеки маалыматтарды, тийиштүү документтерди сураганга жана алганга укуктуу.

**2.4. Кыргыз Республикасында соттук-эксперттик иликтөөлөр методикасынын мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартиби**
*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы № 132 токтому менен бекитилген)*

**1. Жалпы жоболор**

1. Бул Тартип Кыргыз Республикасындагы Соттук-эксперттик изилдөөлөрдүн методикаларынын мамлекеттик реестринин (мындан ары - Мамлекеттик реестр) максатын, аны түзүүнүн жана пайдалануунун тартибин аныктайт.

2. Мамлекеттик реестр соттук-эксперттик изилдөөлөрдүн методикалары жөнүндө маалыматтарды (мындан ары - методикалар) камтыйт.

3. Мамлекеттик реестр соттук-эксперттик мекемелерди соттук-эксперттик изилдөөлөрдүн методикалары жөнүндө маалыматтар менен камсыздоо максатында түзүлөт.

**2. Мамлекеттик реестрди түзүү тартиби**

4. Мамлекеттик реестрди Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы мамлекеттик соттук-эксперттик мекеме (мындан ары - мекеме) жүргүзөт.

5. Мамлекеттик реестрдин жүргүзүлүшүн маалыматтык камсыздоо Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы соттук-эксперттик мекемелер, укук коргоо органдарынын соттук-экспертизалык бөлүктөрү (мындан ары - соттук экспертиза органдары) тарабынан иштелип чыккан методикалар жөнүндө маалыматтарды берүү жолу менен ишке ашырылат.

6. Мамлекеттик реестрге төмөнкү маалыматтар киргизилет:
- методиканын шифри;
- методиканын аталышы;
- методика иштелип чыккан жыл;
- методика бекитилген күн;
- методиканын автору (түзүүчү).

7. Методика жөнүндө маалыматтарды соттук экспертиза органдары мекемеге бир нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз сактагычта жана электрондук түрдө, соттук экспертиза органдары тийиштүү методиканы бекитүү жөнүндө чечим кабыл алгандан кийин беш иш күндүн ичинде жиберишет.

8. Методика жөнүндө маалыматтар мамлекеттик реестрге алар мекемеге келип түшкөн учурдан баштап беш иш күндүн ичинде киргизилет.

9. Мамлекеттик реестр кагаз сактагычта жана электрондук түрдө, мамле-

кеттик жана расмий тилдерде, ушул Тартиптин тиркемесине ылайык формада жүргүзүлөт.

10. Мамлекеттик реестрдин кагаз варианты боо менен көктөлөт, номерленет жана мекеменин мөөрү менен бекитилет. Беттерди номерлөө өтмө болот. Карандаш менен жазууга, чийип оңдоого, кырып өчүрүүгө, оңдоого, барактарды алып коюуга болбойт.

11. Мамлекеттик реестрге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарыл болгондо соттук экспертиза органдары тийиштүү маалыматты мекемеге (бир нускада), мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз сактагычта жана электрондук түрдө, соттук экспертиза органдары бекитилген методикалардын тизмесине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечим кабыл алышкан күндөн баштап беш иш күндүн ичинде жиберишет.

Мекеме Мамлекеттик реестрге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду ушул пунктта көрсөтүлгөн маалымат түшкөн учурдан баштап беш иш күндүн ичинде киргизет.

12. Мамлекеттик реестрдин электрондук варианты Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайтына жайгаштырылат.

**3. Мамлекеттик реестрди пайдалануунун тартиби**

13. Соттук эксперттер сот экспертизасын жүргүзүүдө Мамлекеттик реестрге киргизилген методикалар жөнүндө маалыматтарды пайдаланышат.

14. Методикалар жөнүндө маалымат алыш үчүн мекеменин дарегине жазуу жүзүндө сурам жиберилет.

15. Мекеме Мамлекеттик реестрден көчүрмөнү жазуу жүзүндө, сурам келип түшкөн күндөн баштап беш иш күндүн ичинде жетекчинин же аны алмаштыруучу адамдын кол тамгасы менен күбөлөндүрүп берет.

16. Ал көчүрмө сурамды тариздеген адамдын дарегине жиберилет.

**Кыргыз Республикасында соттук-эксперттик иликтөөлөр методикасынын мамлекеттик РЕЕСТРИ**

| № | Методика шифри | Методиканын аталышы | Методиканын иштелип чыккан жылы | Методиканын бекитилген датасы | Методиканын автору (түзүүчү) | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

**2.5. Кыргыз Республикасында соттук эксперттердин мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартиби**

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №132 токтому менен бекитилген)*

**1. Жалпы жоболор**

1. Бул Тартип Кыргыз Республикасынын сот экспертинин мамлекеттик реестринин (мындан ары - Мамлекеттик реестр) максатын, аны түзүүнүн жана пайдалануунун тартибин аныктайт.

2. Мамлекеттик реестр Кыргыз Республикасынын сот эксперттери жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

**2. Мамлекеттик реестрдеги камтылган маалыматтар**

3. Мамлекеттик реестрге сот эксперттери жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтар киргизилет:

- фамилиясы, аты, атасынын аты;
- иштеген жери жана ээлеген кызматы;
- билими жөнүндө маалыматтар (качан жана кайсы жогорку окуу жайды бүтүргөн), адистиги, кошумча, кесиптик билими, окумуштуулук наамы жана окумуштуулук даражасы;
- эксперттик адистиги;
- сот экспертинин компетенттүүлүк сертификаты жөнүндө маалыматтар (компетенттүүлүк сертификатынын номери жана берилген күнү);
- компетенттүүлүк сертификатын токтото туруу, токтотуу жана ажыратуу жөнүндө маалымат.

**3. Мамлекеттик реестрди түзүү тартиби**

4. Мамлекеттик реестрди Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы мамлекеттик соттук-эксперттик мекеме (мындан ары - мекеме) жүргүзөт.

5. Мамлекеттик реестрдин жүргүзүлүшүн маалыматтык камсыздоо соттук-эксперттик уюмдар жана эксперттик-квалификациялык комиссиялар (мындан ары - комиссиялар) тарабынан сот эксперттери жөнүндө маалыматтарды берүү жолу менен ишке ашырылат.

6. Комиссия ушул Тартиптин 3-пунктуна ылайык сот эксперттери жөнүндө маалыматтарды түзөт жана аларды Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн мекеменин дарегине жиберет.

7. Сот эксперттеринин компетенттүүлүгүн сертификациялоо, компетенттүүлүк сертификатын токтото туруу, токтотуу жана ажыратуу жөнүндө маалыматтар комиссия чечим кабыл алган күндөн баштап беш иш күндүн ичинде мекемеге кагаз сактагычта жана электрондук түрдө мамлекеттик жана расмий тилдерде жиберилет.

8. Сот эксперттери жөнүндө маалыматтар мекемеге келген учурдан баштап беш иш күндүн ичинде Мамлекеттик реестрге киргизилет.

Эгерде сот эксперти жөнүндө маалыматтар өзгөрсө, соттук-эксперттик уюм сот эксперти жөнүндө маалыматтардын өзгөргөнү тууралуу маалыматты алган учурдан баштап он иш күндүн ичинде мекеменин дарегине маалыматтарды кагаз сактагычта жана электрондук түрдө, жаңыланган маалыматтарды көрсөтүү менен Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберет.

9. Мамлекеттик реестр кагаз сактагычта жана электрондук түрдө, мамлекеттик жана расмий тилдерде ушул Тартиптин тиркемесине ылайык формада жүргүзүлөт.

10. Мамлекеттик реестрдин кагаз варианты боо менен көктөлөт, номерленет жана мекеменин мөөрү менен бекитилет. Беттердин номерлениши өтмө болот. Карандаш менен жазууга, чийип оңдоого, кырып өчүрүүгө, оңдоого, барактарды алып коюуга болбойт.

11. Мамлекеттик реестрдин электрондук варианты Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайтына жайгаштырылат.

**4. Мамлекеттик реестрди пайдалануу тартиби**

12. Соттук экспертизаны дайындоочу орган (кызмат адамы) сот эксперттери жөнүндө Мамлекеттик реестрге киргизилген маалыматтарды пайдаланат.

13. Зарыл болсо соттук экспертизаны дайындоочу орган (кызмат адамы) мекеменин дарегине сот эксперттери жөнүндө маалыматтарды берүү тууралуу жазуу жүзүндөгү сурамды тариздейт.

14. Мекеме Мамлекеттик реестрден көчүрмөнү жазуу жүзүндөгү сурам келип түшкөн күндөн баштап беш иш күндүн ичинде жетекчинин же аны алмаштыруучу адамдын кол тамгасы менен күбөлөндүрүп берет.

15. Ал көчүрмө соттук экспертизаны дайындоочу жана сурамды тариздеген органдын (кызмат адамынын) дарегине жиберилет.

-

**Кыргыз Республикасында соттук эксперттердин**

**мамлекеттик РЕЕСТРИ**

| № | Аты-жөнү | Иштеген жери жана ээлеген кызматы | Билими тууралуу маалыматтар: (качан жана кайсы ЖОЖду аяктаган), адистиги, кошумча кесиптик билими, илимий наамы жана илимий даражасы | Эксперттик адистиги | Соттук эксперттин компетенттүүлүк сертификаты жөнүндө маалыматтар (компетенттүүлүк сертификаттын № жана берилген күнү), сертификаттын убактылуу токтотулушу, токтотулушу, алынып салынышы тууралуу мааалыматтар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

Формат 210x297. Гарнитура Times New Roman.
Печать офсетная. Бумага офсетная.
Усл. печ. л. 9,4. Подписано в печать: 20.07.2015 г.
Тираж: 100 экз. Заказ № 149.

Отпечатано ОсОО «Line Print»
Кыргызская Республика, 720000
г. Бишкек, ул. Тыныстанова, 138
тел.: + 996 312 305 200